*Бегалиев С. Б., Асанканова Ж. А.*
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ЖАРНАМА ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТЫН ЖАНРЫ КАТАРЫ

Кыргыз эли Борбордук Азиядагы эң байыркы элдердин бири экендигин окумуштуулар бир ооздон адилеттүү белгилеп келишүүдө. Мына ушул узун татаал тарыхый жолунда кыргыз журту эмнелерди гана башынан өткөрүп, эмнелерди гана көрбөдү. Манас баатыр бүлүнгөн, чачылган урууларды бириктирип, «Үзүлгөнүн улап, чачылганын жыйнап» эл кылдым деп какшап атпайбы. Манас баатырдын доорунда Кыргыз элинин аты алыска кетип, даңктуу, барктуу эл болуп өзүнчө күчтүү мамлекет курган тура.Мына ошол Манас баатырдын даңктуу доору элдин оозеки чыгармачылыгында көркөм баяндалып, тарыхта сейрек учураган, кайталангыс улуу көркөм эстеликти, дүйнөнүн сегизинчи кереметиин - «Манас» эпосу жаралган.

Кыргыз элинин жашоо шартына ылайык оозеки көркөм чыгармачылыгынан бөтөнчө гүлдөп өнүгүп, өзгөчө олуттуу мааниге ээ болгон.

Белгилүү окумуштуу, «Манас» эпосун илимий изилдөөгө негиз салгандардын бири Ч.Валиханов эпосту эл турмушунун энциклопедиясы деп өтө жогору баалаган. Ырчылык өнөр бир кылымда же бир доордо жаралган көркөм мурас эмес. Ал көптөгөн кылымдардын, доорлордун көркөм жемиши. Тилекке каршы, көптөгөн таланттар, оозунан нөшөрлөп сөз тизмеги куюлуп турган төкмөлөрдүн ысымдары бизге белгисиз.

Легендардуу ырчылар деген ат менен гана белгилүү болгондор да аз эмес. Булардын ысымдары гана бизге тааныш чыгармалары аркылуу жеткен жок. Алардын көркөм мурасынын сакталбай калышын ошол мезгилден жана тарыхый окуялардан бөлүп кароо туура болбос.

Жарнаманын элдин аңсезиминде терең орун алышы жөн эле катардагы көрүнүш эмес.

Кыргыздар байыркы элдердин бири катары өзүнүн узун, бай тарыхында өз алдынча каада-салт, үрп-адат жаратып өстүрүп, өркүндөтүп келген.

Аш, той, салтанаттуу, олуттуу окуяларды шаан-шөкөттөр менен өткөрүүдө атамзамандан бери келе жаткан, бекем салтка айланган көрүнүш. Алгач мындай зор окуяларды уруу башчылары, журтка кадыр-баркы бар, акылман, даанышман адамдар башкарып, өткөрүп келгендиги тарыхта белгилүү. Улуу «Манас» эпосунда Көкөтөйдүн ашы өзүнчө кеңири сюжеттүү, эр сайыш, балбан күрөш өңдүү улуттук оюндар менен коштолгон зор маанилүү окуя катары сүрөттөлөт.

Ашты уруу башчысы акылман Кошой ата башкарат эмеспи «Кошой ата башында, Көкөтөйдүн ашында, жар чакырган жери бар» - деп айтылат. Эпосто балбан күрөшкө калмактардын алп балбаны Жолойго эч ким даап бара албай, 95 теги Кошой ата чыгып мөрөй алганы баяндалат. Кошой кыргыз баатырларына кайрылып «Сен кандайсың балбанга, жыгып мөөрөй алганга, күрсүлдөгөн ит менен күч сынаша калганга» - дегениңе

эч ким мен чыгам деп айта албайт. Ошондо Кошой аба Манаска кайрылып «Арстан Манас айкөлүм, сен чыкпасаң балбанга, 95 те абакең мен чыкпасам балбанга, Жолойго киши жолойбу, жологон киши оңойбу»-дегенде Манас баатыр «Ат үстүндө зор элем, жөө күрөшкө жок элем»-деп Кошой атанын айласын кетирген тура. Ошондо Кошой «25те жаш болсо, ушундай эл чогулган аш болсо, Жолой чыкса жолумда, жоболоңдуу Жолойду, салбайт белем жолуна» - деп арманын айтып, улгайганына карабай мусулман элинин намысын алып берген эмеспи. Убакыт өтүп, турмуш өзгөрүп аш-тойлордо жар чакыруу милдетин бара-бара элден чыккан таланттуу адамдар, төкмө акындар аткара баштайт. Ошол эле «Манас» эпосунда Ырамандын ырчы уулу 40 чоронун бири, шыктуу, таланттуу адам катары сүрөттөлөт. «Манас» эпосун элге биринчи айткан жомокчу да Ырчы уул болгон деген элде аңы сөз бар. Эпосто Ырчы уул жөнүндө мындай маалымат берилет:

«Ырамандын Ырчы уул,

Тебетейи чоктуу кул.

Айтаар сөзү октуу кул,

Көк жал Манас келгенде.

Көкөтөйдү жоктогон»

Ошол Ырчы уул Көкөтөйдүн ашында ат чабыш, эр сайыш, балбан күрөштү элге жарыя кылып, байгеге эмине сайылаарын ырдап турса керек.

Кийинки доордо, бөтөнчө XVIII, XIX кылымдарда кыргыз элинин маданий турмушанда акындар поэзиясы, анын ичинен төкмөлүк өнөр күч алат. Мына ушундай тарыхый шартта чоң таланттуу акындардын элдик маданий турмушунда алган орду өзгөчө мааниге ээ болот. Акындар поэзиясы кыргыз элинин маданиятынын тарыхында олуттуу орунду ээлеген көркөм поэтикалык баалуу мурастын бири. Элдик оозеки чыгармачылыкты элдин көркөм дүйнөсүнүн өзгөчө бай бөлүгү болгон акындар поэзиясыз элестетүү мүмкүн эмес.

Кыргыздарда сөз искусствосу бөтөнчө өнүккөндүгүн XIX кылымда эле академик В.В.Радлов өзгөчө белгилеп кеткен эмеспи. Мына ошол сөз искусствосунун өзгөчө бийик түрү акындар поэзиясы кайталангыс, уникалдуу поэтикалык дүйнө. Акындар поэзиясы элдик оозеки адабияттын башка түрүндөй эле оозеки жаралып, жашап, элге таралып укумдан тукумга өтүп келген.

Кыргыздарда төкмөчүлүк өнөр өзгөчө таң каларлык көрүнүш. Жарнама элдин көркөм ойлонуусундагы тажрыйбасы бир кыйла өнүгүп байыган кезде жаралышы мүмкүн. Акырындап бир кыйла узак мезгил өткөндө тажрыйбасы артып күч алат. Алгач жарнама кара сөз түрүндө элдик чыгармага айланган.

Кийин элден чыккан таланттар кайрадан иштеп, ырга айлантып жарнаманы жаңы көркөмдүк деңгээлге көтөрүп чыгат. Ошентип жар айтуу көп кайталанып, бышып

жетилип, элдик таланттардын биринен бирине өтүп жалпы журтка кеңири тарайт. Ырас, ар бир таланттуу акын укканын чыгармачылык менен кайра иштеп чыгып, мурункулардын ысымдары унутула берген.

Жарнаманын негизинен жалпы журтка атагы белгилүү болгон, булбул, торгой деген ардактуу атка конгон, таланты ташкындаган төкмө акындар аткарышкан. Куюлушкан уйкаштык менен шөкөттөлгөн ыр жарнамага бөтөнчө мүнөздүү.

Төкмө акындардын репертуарлары өтө кенен, өтө бай болуп, адамдын ички дүйнөсүн, толгонуу-ларын эң бир чебер көркөм сүрөттөп беришкен. Бирок советтик доордо бул төкмөчүлүк өнөрдү бир беткей баалап, таптык көзкараштан өткөрүп, чектеп бир кыйла солгундатып ийгендиги реалдуу чындык. Мезгил системанын өзгөрүшү менен өткөн элдин тарыхына көркөм мурасына болгон мамиле, баа кескин өзгөрүп, жаңыча көзкараш пайда болду.

Көптөгөн аты унутулган ырчылардын чыгармалары эл арасынан жыйналып, басмадан жарык көрүүдө. Ошону менен бирге эле алардын чыгармалары атайын илимий изилдөөнүн обьектиси болууда.

Элдин баалуу көркөм мурасы болгон жарнамага да көңүл бөлө баштайт.

Жарнама мезгилдин татаал сынынан өтүп, жалпы элдик манилүү көркөм мурасына айланып, көнөөрбөс өлбөс болгон көркөм эстелик. Жарнама жанрын өнүктү-рүүдө белгилүү чоң төкмө акындар-дын ролу зор.

Төкмө акындардын өзгөчөлүгү алардын чыныгы ырчылык таланты, философиялык ой жүгүртө билиши, чыгармаларынын олуттуу коомдук мааниси, эстетикалык көркөм салмагы, бөтөнчө жандуу таасирдүүлүгү. Кыргыз элинин аң сезиминин өнүгүп өсүшүндө жарнаманын алган орду өзгөчө баалуу, барктуу.

Жарнама өнөрү эл тарыхынын узак жолунда тынымсыз өнүгүп өсүп, мазмуну байып, тематикасы ар кыл болуп көркөмдүгү улам бийиктеп отурган. Кыргыз элинин жашоосунда көчмөн турмуштун алган орду бөтөнчө. Ошол көчмөн турмуштун мүнөздүү, олуттуу өзгөчөлүктөрү жарнамада да бөтөнчө көркөм баяндалат.

Жарнама салты элдик аш-тойлордо, эл жыйылган топтордо атчабыштарда көп айтыла турган. Акын Ж.Алиев өзүнүн «Мойт Аке» аттуу дастан-поэмасында жар чакырганын баяндап мындай сүрөттөйт.

«Башталып күлүк чабыш салтанаты,

Бакырып жар чакырып ырдайт жарчы.

Макталат күлүктөрдүн бири калбай,

Даңталат даңазалуу ата салты».

Таласта төрт дубан эл чакырылган чоң той болуп, тойдун ээси Ташкара болуш тойго эл бийлеген Таластын, Анжыяндын төбөлдөрү, бай-манаптары, ашкан балбандар,эр сайышка түшчү баатырлар, дубан жарыш, байгеге бербеген күлүк аттары, жорголору менен келишет. Ошону менен бирге эле атагы казак, кыргызга белгилүү Эсенаман акын,

казактын таланттуу төкмө акыны, акындардын пири аталган Майкөт, аты элге жаңы белгилүү боло баштаган жаш төкмө акын Жеңижок чакыртылган. Жеңижок жаштыгына карабай өзүнүн бетке айкан курч сөзү, далилдүү ынанымдуу, өзгөчө көркөм таасирдүү ыры менен атактуу ырчы Эсенаманды жеңген экен. Ошондо Майкөт айтышпай Жеңижоктун талантын жогору баалап жеңилген дейт. Той ээси Ташкара Жеңижокту жар чакыр- ганга шайлаптыр. Бул да жөнөкөй көрүнүш эмес. Жар чакырган акындан чоң таланатты, курч, так, таамай, бөтөнчө таасирдүү,элдин көңүлүн өзүнө бурган, нөшөрлөп төккөн ырды талап эткен. Майкөт акын Жеңижоктун талантына башын ийип, багынып «Бали, балам Жеңи-жок! Жумыры басты, кызыл тилди адамда сенден аскан акын болмас, рахмет!» деп, «Мен айтыспай ак жеңилдим!» - деген экен.

Элдин тарыхы, тагдыры өзгөрүү менен бирге жарнаманын мазмуну да өзгөрөт.

Кептин баары төкмө акындардын ырлардын жогорку көркөм чеберчиликте аткарылышында, төкмөлөр жөн гана кооздук үчүн ырдабастан, философиялык терең мазмундуу ойлорду арбын камтып ырдашкан. Алардын ырларынын мазмунунда акылдуулук, ойчулдук даана көрүнөт. Жарнаманын мазмуну дайыма салмактуу, көркөм, бөтөнчө таасирдүү болуп конкреттүүлүгү менен айырмаланат. Сөздүн кадыр-баркы бийик көтөрүлөт, таасирдүүлүгү күчөйт. Жарнама акындар поэзиясында кеңири көркөм баяндалган. Көчмөндүк татаал коомдук шарт элдик чыгармачылыктын үлгүлөрүн оозеки түрүндө жаратып өркүндөтүп-өстүрүп, муундан-муунга өткөрүп, таза сактап, көркөмдүгүн арттырып келген.

Төкмө акын синтаксистик параллелизмди чебер колдонуп элдик поэзиянын салтында өзүнүн оюн так, таамай таасирдүү көркөм сүрөттөп берүүгө жетишкен.

Акын элдик поэзиянын салттык поэтикалык формаларын чебер, чыгармачылык менен пайдаланып турмушка, дүйнөгө болгон мамилесин, түшүнүгүн, философиялык ой жүгүртүүсүн өз баамында көркөм баяндап берет.

Адилеттикке, чындыкка, жакшылыкка чакыруу, үндөө акындар поэзиясынын өзгөчө бир көп кайталанган, бекем салтка айланган олуттуу мүнөздүү белгиси. Бул салттык көрүнүшкө ар бир акын кайрылып өзүнүн жеке ой толгоолорун жаңы табылгалар менен ынанымдуу, жеткилең көркөм сүрөттөп бере алышкан.

Төкмөлүк өнөрдүн өзгөчөлүктөрү бөтөнчө акындардын айтышында даана ачылат. Таланттуу акын берилген темага, табышмактуу суроого ошол замат так, таамай, курч сөздөр менен жеткилең жооп бериши талап этилет. Айтышта акындын шыгы, таланты, чеберчилиги чоң сыноодон өтүп, өзүнүн баасын алат да, анын ысмы алыска кетип даңкы элдин кеңири катмарына тарайт.

Төкмөлүк өнөрдүн жүзүн ачкан, акындын көркөм кудуретин, чеберчилигин, шыгын, талантын сынап, баалай турган олуттуу фактор - бул айтыш. Айтышка, бөтөнчө таланттуу акындар менен беттешкенге, ар ким эле даап бара албайт. Эл журттун сыноосунан өткөн, акындык тажрыйбасы чоң, таланты такшалган, өз күчүнө, кудуретине ишенген акын гана айтышка чыгат.

«Эшманбет менен Токтогулдун тойдогу тамашасы» алым сабак айтыштын татаал түрүнө кирет.

Анткени ырды баштаган акынга жараша анын оюн улантып, суроосуна дароо

так, таамай көркөм жооп берүүгө тийиш. Белгилүү таланттуу ырчы Эшмамбет «Алым сабак» айтышты чебер аткарган өзгөчө талантын бири болгон. Токтогул баштаган эки сап ырды Эшманбет улантып, толуктап, тереңдетип көркөм жыйынтык чыгарып, таасирдүүлүгүн күчөтүп отурган.

Төкмөлүк өнөрдүн дагы бир татаал түрүбул табышмактуу айтыш. Кыргыз элинин узун татаал тарыхына көз чаптырсак, журт тагдырын ойлоп, анын кайгымуң, кубанычын, бейпил турмушун, келечегин ырга айландырып келген таланттар арбын болгондугуна күбө болобуз. Кыргыздарда өнүккөн жазма адабият болбогондон кийин зор тарыхый окуялардын күбөсү болгон элдик таланттар көргөн, билгенин баарын аңыз ырга айландырып, узун жомок жаратып, муунданмуунга өткөрүп, улам толуктап, тактап, көркөмдүгүн арттырып келишкен.

Айтыш өнөрүнүн ири устаты, курч тилдүү, казак, кыргыз журтуна аты аттын кашкасындай белгилүү болгон акын - Чөжө. Чөжө талантын күчү, өткүр сөзү менен элге алынып, журттун кеңири катмарынын урматсыйына ээ болгон.

Казактын белгилүү окумуштуусу, академик Е.Исмаилов Чөжө акындын чыгармачылыгы жөнүндө минтип жазат: «Шөжө - уруу айтышынын акыны. Бирде уруу башчыларын өлтүрө сындаса, бирде мактайт. Бирок Шөжеде сынчылык мотив күчтүү» Чөжө өз доорунун уулу болгон. Ал белгилүү манап Байтикти бирде өлтүрө сындаса, бирде аны ашыра мактагандыгы белгилүү.

«Ак калпакты кыргыздын ортосунда
Алтын сүгек жигитсиң көңилиң артык,
Сага тең келер уул кыргыздан туула элек.
Чөжө акын айтыш өнөрүнүн ири устаты»

Таланттуу төкмөлөрдүн жүзүн ачкан, кудуретин баалаган чоң сыноо бул айтыш. Айтыш өнөрүнүн мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жөнүндө белгилүү окумуштуу Б.Кебекова минтип жазат: «Айтыш - ырчылык салтта көркөмдүүлүктү, жамакчылык, устаттыкты, баамчыл чынчыл- дыкты, сөзгө өтө кылдаттыкты, күтүүсүздөн келген кысталыш учурларда акыл, айланы тез тапкан абдан тапкычтыкты талап кылып, ырчынын ким экендигин дал эл алдында аныктап койчу кыйын, сынаакы, чоң жарыш».

Жар чакыруу ар кимдин эле тагдырына туура келе бербейт. Ашкан чоң талант, акын, төкмөлөрдү эл бийлеген төбөлдөр атайын аш тойго чакырып, бөтөнчө урматсыйга бөлөп, ат мингизип, тон кийгизип дегендей барктап-баалап узатышкан. Бирок бай–манаптардын өз ара келишпестиги, мансап, бийлик талашы төкмө акындардын өмүрүнө коркунуч келтирип куугун-тукка алып, жектеген учурлары арбын болгон.

Солто элинин белгилүү бийлик башындагылар Байтик менен Жангарач өз ара тирешип турган учурда чоң төкмө акын Эсенаман Чүйдө аларды айланчыктап көп жүрүп калат. Турмуштан кара жандын айынан акын кырдаалга жараша Байтик менен Жангарачты бирде мактап, бирде сындап ырдаган учурлары болгон. Жангарачтын иниси Солтонойдун ашында чоң ат чабыш болуп Эсенаман акын жар чакырып, Жангарачтын даңкын, баркын, акылын мактап ырдап турат. Бул Байтик баатырдын кыжырын кайнатып, жинин келтирип, ырчынын көзүн тазалоону чечет да жигиттерине мындай буйрук берет: «Жангарач какбаш жар чакырат, кушчу кул жар чакырат имиш.

Сарыбагыш менен Солтодон бир аркандан кун жыйып беремин, өлтүргөнгө ырчыны». Байтиктин жигиттери Эсенаманды камчыга алып, Байтиктин алдына айдап келишет. Акын айласы кетип, жанын сабап, ат үстүнөн Байтикти мактап ырдап жиберет:

«Байгазы, Байтик жолборсум

Көкүм, Чойбек жанымда,

Ат токуучу жолдошуң

Жар чакырсын деп айткан

Жангарач какбаш оңбосун».

Абал татаалданып Жангарач менен Байтиктин жигиттери чабышып калышат. Эсенаман жан айласын кылып качып жөнөйт. Артынан Солтонойдун уулу кууп жеткенде, Эсенаман эми Байтикти көздөп ырдоого аргасыз болот.

«Токойдогу топ саргыл,

Жыйып алсак болбойбу?

Токтомат сарттын баласы
Токолдон туулган Байтикти

Тыйып алсаң болбойбу?

Жангарач ырчынын бетке айтып Байтикти кордогон ырына ыраазы болуп «Ой мен коркутсам, мени мактайсың, Байтик коркутса аны мактайсын, ушинтип жүрүп бөөдө майып болуп калба», - дептир. Жангарач Эсенаманды аттап, тондоп узатат. Эсенаман Байтике келсе, ал «Эшкожо уулу бүтүндөй кубалап жүрөт деди эле, кантип кутулдуң»,- дейт. «Сизди жамандап кутулдум»- деп Байтикке ырын кайталап берген экен. Байтик болсо, «Жан деген таттуу, антип өлтүрөм деп турса, эбин таап кутулган азамат турбайсыңбы», - деп акындын адилет, түз айткан сөзүнө, акындык күчүнө ыраазы болуп кечирген тура. Эсенаман өңдүү чоң таланттардын өмүр жолу, чыгармачылыгы дайыма эле урмат-сый, мактоо барктоо менен коштолбой, кыйын абалга туш болгондо курч сөзү, тайманбай бетке айткан адилет ыры менен өлүмдөн аман калган учурлары көп болгон. Ага ошол жогорку мисал ачык күбө. Демек, ошол уруулук феодалдык замандын адилетсиз зомбу зордугун, жек көрүүсүн далай таланттар башынан өткөрүп, бай манаптардын камчысы баштарында ойногон мындай азаптан жалгыз эле Эсенаман таланттын күчү менен кутулган эмес. Ак калпактуу кыргызда алдына киши салбаган атактуу семетейчи Дыйканбайда курч, таап айткан учкул көркөм сөзү менен ажалдан кутулганын эл аңыз кылып айтып келүүдө. Дыйканбай бир топто белгилүү Балбай баатыр дын тукумдарына карата сын айтам деп аз жерден өлбөй калган. Дыйканбайды алар артынан кууп өлтүрө турган болгондо, аттан түшө качып, кара сууга кирип, мойнун суудан чыгарып минтип ырдаган дешет:

«Сенин атаң эр Балбай

Канаттуу кара ат минип,

Кармашып өткөн дөө менен,

Кармашкан эмес сууда турган

Мен өңдөнгөнгөн жөө менен».

Ошентип, Дыйканбай ыктуу, жандуу ыры менен ажалдан аман калыптыр. Демек, адилетсиз, зордук зомбулук күчөп турган доордо, алдуу күчтүүлөрдүн заманы өкүм сүрүп нечен таланттар кор болуп, кара жандын айынан төбөлдөргө кол ырчы болуп, бирде аларды мактаса, бирде кордоп күн көрүшкөн учурлары көп болгон эмеспи. Таланттуу төкмө акындардын сөз таап айтуусу, ырынын таасир- дүүлүгү, бийик көркөмдүүлүгү, башкача ой жүгүртүүсү, турмушту туура түшүнүп адилет баа берүүсү да өзгөчө мааниге ээ.

Кандай гана төкмө акын болбосун ал өз доорунун кулуну, уулу. Акын өз доорунун тарыхый шартына баш ийип, ошол доордун мыйзам-жоболорун сактап көзкарашы, таланты калыптанып өнүгүп өсөт. Белгилүү таланттуу акындар-дын баардыгы аш тойлордо, эл жыйылган топтордо жар чакырып ырдашкан. Төкмө акындардын чыгармачылыгында кордоо менен бирге мактоо ырлары да өнүгүп бекем салтка айланган. Эсенаман Байтикти кордоп, мактап ырдаса, көлдүк чоң төкмө акын Солтобай Токтоболот уулу Шабданды бир учурда кордоп да, мактап да ырдаганы белгилүү.

«Ардактаган тулпарды

Адырга минсе тер чыкпас.

Адигине Тагайдан

Артылып сенден эр чыкпас.

Кыбаны келген тулпарды

Кыйнап минсе тер чыкпас.
Кылжырдын уулу мактанып

Кыргыздан сендей эр чыкпас» -деп Шабданды мактаган тура. Бул мактоого Шабдан ыраазы болуп, акындын мурун кордоп ырдаганын унутуп, Солтобайга ат мингизип, тон кийгизип узаткан дейт. Кордоо ырында социалдык мотив кучтүү болуп, уруучулук-феодалдык замандын жол жобосу, мыйзамы бекем сакталат. Акын өз уруусунун кызыкчылыгын уруу башчыларынын көзкарашын билдирет. Башкача болушу мүмкүн эмес. Акын уруу төбөлдөрүн мактап, ошондой эле бир учурда кордоп ырдашы табийгый көрүнүш. Мунун баары реалдуу турмуштан жаралып, өнүгүп өскөн. Аш, тойлордо, эл жыйылган салтанаттуу топтордо таланттуу акындар жар чакырып аш, той берген адамды мактоо, ата тегин, байлыгын даназалоо өзүнчө бекем салтка айланган. Бирок жар чакыруу милдети көрүнгөн эле ырчы-акынга ыйгарылган эмес. Окумушту Б.Кебекова жар чакыруу кимге жүктөлөрүн белгилеп минтип жазат: «Ошого акындардын ичинен үнү бийик, сөздөрү курч ырчылык кудурети күчтүүсү гана тандалып алынган». Демек жар чакыруу салты олуттуу мааниге ээ болгон өзгөчө окуя. Акын көп элдин сыноосунан өтөт, барк баасы көтөрүлөт, сый урматка бөлөнөт, аты алыска кетип

өз журтуна гана эмес, башка элдерге да белгилүү боло баштайт. Аш, тойдун ээси акындын талантын жогору баалап ат мингизип, тон кийгизип чоң урмат менен узатат. Ошентип, аш, тойдо жар чакырган акындардын чыгармачылыгы улам байып, күч алып чеберчилиги өнүгүп өсөт. Адилет үчүн белгилеп кетүүгө тийишпиз, жар чакырган акын турмушун оңоп, малдуу, оокаттуу адам боло баштайт. Демек жар чакыруу жан багуунун, үйбүлөсүн оокаттуу кылуунун да бир жагы. Мындан башка белгилүү, данктуу эл башкарган адам өлгөндө да таланттуу акынды чакырып жокто-туу да өзүнчө салтка айланган көрүнүш болгон. Шабдан өлгөндө кыргыз элинин атактуу билермандарынан башка коңшулаш казак, өзбектердин төбөлдөрү ак падышанын өкүлдөрү келишкен. Атактуу акын Сагынбайды атайын чакыртып жоктоо ырын ырдаткан. Сагынбай Шабдандын ата тегин, коомдук ишмердигин баатырдык иштерин, элге жасаган камкордугун, алдынкы прогрессивдүү сапаттарын мактап ырдаган. Акынды чоң урмат, сый менен мал, мүлк берип узатышкан деп эл аңыз сөзгө айландырган. Адатта акындар колунда бар оокаттуу адамдарды мактап ырдага-нын эл анча эрентөрөн көрүшкөн эмес. Ал да болсо жан багуунун бир айласы.

Атактуу акын Токтогул жөнүндө элге тараган мындай бир аңыз сөз бар. Током кечкурун шашып-бушуп бир жакка ат минип кетип бараткан экен. Тактай тилип жаткан эки жигит Токомо карап «Жарыктык улгайганда үйдө эле отурбайбы»-дептир. Муну кулагы чалган Токоң атынын башын бура жигиттерге кайрылып мындай дептир «Эртеден кечке эки акмак, тактай тилет дардактап, оңой эмес жан бакмак». Анысы кандай жар чакыруу бирөөнү мактап, даңктап ырдоо акын үчүн жан багуунун, үйбүлө асыроонун аракети турбайбы. Ошентип жар чакыруучулук, бирөөнү мактап ырдоонун социалдык негизи бар. Академик В.В.Радлов акындардын талантын өнүктүрүүдө оокаттуу бай – манаптардын, уруу башчыларынын ролу бир кыйла деп бекеринен баса белгилеп кетпесе керек. Советтик доордо бай-манаптарды эле жамандап, акындар аларга карата кордоо, мазактоодон башка ырдабагандай кылып бир беткей субьективдүү пикир тараган. В.В.Радлов адилеттүү белгилегендей, бай-манаптар, оокаттуу, бардар адамдар акындардын талантын, шыгын өстүрүүдө олут-туу, бөтөнчө маанилүү роль ойношкон, чыгармачыл адамдарга моралдык, материалдык жардам көрсөтүшүп, чоң камкордук кылган учурлары аз болгон эмес.

Жар чакыруу, мактоо жанрынын өзүнө мүнөздүү мазмуну, тематикасы көркөм ыкмасы бар. Чоң аш, тойлордо жар чакырган акын аш, той ээсин ашыра мактап, бөтөнчө апыртып сүрөттөө көркөм ыкмасын колдонот. Бирок акын реалдуу чындыктан такыр четтеп кетпейт. Кыскасы, жар чакыруу, мактоо, бирөөнү мактап жан багуу, мал, мүлк алуу, атак, даңкка ээ болуу белгилүү тарыхый доордун реалдуу көрүнүшү.

Шабдан өлгөндө Сагынбай жоктоо ырын гана ырдабастан, кыздарына кошок ырдап үйрөткөн. Ошондой эле Чыныбай өлгөндө Солтобай акын да анын кыздарына кошок үйрөткөн. Ал «Чыныбайдын кыздарынын кошогу» деген ат менен элге кеңири тарап, аны эл унутпай сактап келген. Анткени ал кошоктун көркөмдүгү бийик, образдуу, таасирдүү бекем, эсте калгандай чебер сүрөттөлгөн. Мындан сырткары Чыныбай өлгөндө ага аш бергенде Солтобай жар чакырган.

Жар чакыруу салтында, жар чакырган акын олуттуу, татаал чоң сыноодон өтүүгө тийиш болгон. Ошол сыноодон өткөндөн кийин гана акын жар чакырууга укуктуу болуп, чоң жоопкерчиликти мойнуна алган. Буга белгилүү, чоң таланттуу акын Сартпайдын өмүр жолу, чыгармачылыгы ачык күбө. Сартпай Талас элине аты белгилүү болуп, таланттуу ырчылыгы оң, солго тарап, атак-даңкы Чүй өрөөнүнө да угулат. Солто элинин Осоке аттуу бийи Сартбайды жар чакыртыш үчүн атайын Таластан чакыртып алып келет. Бирок Сартбайды алгач акын Байгабыл менен айтыштырып сынап көрмөк болушат. Ал «жеңсе жарчы болот, жеңилсе байталдын куйругуна байлап өлтүргүлө», - дептир. Сартбай Байгабыл менен айтышып жатканда капшыттан бирөө «Кыйын болсоң, Осокенин тазын кошуп ырда», - деп өкүм сүйлөптүр. Ошондо тобокелге салып Сартбай минтип ырдаган дейт:

«Маңдайдан аккан сал белем,

Байкап сүйлө Байкабыл.

Осокедей бийиңдин,

Башын жеген мен белем».

Сартбай Байгабыл менен айтышып да, комуз чертип да жеңип, топко жар чакырып чоң урмат, сыйга ээ болуп, Осокенин берген атын минип, баалуу тонун кийип Таласка олжолуу кайтыптыр.

Токтогул баштаган чоң талант төкмөлөр аш, тойлордо жар чакырып өзүлөрүнүн чеберчилигин көрсөтүшүп, калың элдин кумарын кандыршып атак-даңкын алыска тараткан учурлары көп болгон.

Токтогул менен Жеңижоктун бир тойдо жар чакырып өзгөчө талантын, чукугундай сөз тапкан, чеберчилигин көрсөтүшкөн дагы бир мисалга кайрылып көрөлү. Атактуу Аксынын Көкбашат аттуу чоң жайлоосунда Баялы бий деген адам, көп эл чакырып чоң той берет. Тойго Токтогул, Жеңижок өңдүү чоң таланттар, Ниязаалы комузчу, сурнайчылар чакырылган тура. Жеңижок менен Токтогулду жарчы кылып шайлаптыр.

*Токтогул:* О, той маараке болсун Баялы,

Мунун байлыгын элге жаялы!

*Жеңижок:* Жылкысы тогуз жүз болгон,

Жеринде сендей ким болгон!

Эки зор талант Баялы бийдин байлыгын мактап, элге кайрылып жар чакырууну башташат. Андан ары Баялынын бийлигин, тойго келген атактуу бай, манаптарды, ажы, даткаларды санап, алардын даңкын, баркын, акылын макташып, байгеге чабылган аттардын сын-сыпатын күлүктүгүн көркөм сүрөттөшүп, байгеден озуп биринчи келген Баялынын кызыл атын өзгөчө макташат да:

*Жеңижок:* «Март адамдын белгиси,

Айтканыңды шарт берет.

*Токтогул:* Марттык кылса Баялы,

Мага деле ат берет», -деп жыйнтык чыгарат. Чогулган эл эки акындын талантына өтө ыраазы болушуп, той ээси Баялы экөөнө эки ат мингизиптир.

*Токтогул;* Баялы карагер тандап мингизди,

*Жеңижок:* Калыстык кылсак Токтогул,

Кандыгын журтка билгизди.

*Токтогул: Баялы, буурулдан тандап мингизди,*

*Жениижок:* Байкап көрсөк Токтогул

Марттыгын журтка билгизди.

Кайсы гана төкмө акын болбосун ал өзүнүнүн шыгын, талантын, көркөм чеберчилигин аш, тойлордо айтышып, жар чакырып өнөрүн элге-журтка тартуулайт. Атактуу манасчы Балыктын уулу Найманбай айтышта аты алыска тараган, жомокчулук өнөрү өзгөчө чоң талант болгон. Чоң акын Эсена-мандын уулу Умөталы Найман-байдын талантын жогору баалап анын айтышта бетке айткан курчтугун белгилеп, «Балыктын уулу Найманбай, айтышкан экен тайманбай», - деп өзгөчө баалап, барктаган турбайбы.

Акындын турмушунда оокаттуу адамдарга, байларга карата ырдап, бир нерсе өндүрүү максатын көздөшкөн учурлары да көп эле болгон көрүнөт. Найманбай белгилүү акын Калмырзаны ээрчип Айылчы аттуу байдын тоюна барышкан тура.

«Оо бай Айылчы сен элең,

Бакын уулу мен элем,

Куйрук жалы төгүлгөн,

Кунан берчү эр элең», -деп ырдаптыр Айылчы бай акындын тойго эрте келип, тойду даңазалап ырдабаганына тырчып, аны шылдыңдап көгөндө турган арык, сары эчкини бериптир. Найманбай айтканынан кайтпай, дагы байга кайрылып:

«Оо мен улагыңызды албаймын,

Убалына калбаймын.

Сары эчкиңди албаймын,

Андай сөзгө калбаймын.

Мен каалаганым аламын,

Казакка кеткен кабарым».

Акындын ыры улам күчөп, курчуп бара жатканын сезген Айылчы бай Найманбайга ат мингизип кутулган дейт.

Ошентип Найманбай айтыш өнөрүнүн чебер устаты, мактоо, кордоо ырларын да мыкты аткарган, таланттуу акын болгондугун анын эл оозунда сакталган, жазылып кагазга түшкөн көркөм мурасы ага күбө. Ошондой эле атасы Балыктай эле «Манас» эпосун мыкты билген манасчы болгон экен. Бөтөнчө анын айтыш өнөрүндөгү өзгөчө өзүнө мүнөздүү көркөм стили, курч кара нөшөрдөй жаадырган поэтикалык сүрөттөөлөрү анын чоң таланттуу акын болгондугун ачык айгинилейт.

Албетте, мындай мазмундагы ыр саптары буга чейин эле башка акындар тарабынан көп ырдалып жүргөн. Бирок акын ал ыр саптарына өзүнүн жеке ой-сезимин, сын көз менен кароосун билдирип, кошумчалап, тактап көркөмдүгүн, маанисин күчөткөн.

Акындык айтышта алган тажрыйбасы, сабагы, төкмөлүк өнөрү күчтүү экендигин анын ырлары ачык көрсөтүп турат. Таланттуу төкмө акындардын чыгармачылыгынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жөнүндө белгилүү сынчы, окумуштуу адабиятчы К.Даутов минтип жазат. «Айтыш өнөрүнүн эң эле өркүндөп жеткен чеги, ырчынын ырчысы, акындын акыны».

Сын жанрынын барып турган татаал түрү табышмактуу айтыш экендиги белгилүү.

Төкмө акын айтыш искусствосун жаңы көркөм табылгалар менен байытып, поэтикасынын таасирдүүлүгүн эстетикалык бийиктикке көтөргөн.

Төкмө акындын той-аштагы ырынан кийин кадыр-баркы көтөрүлүп, ысмы журтчулуктун кеңири катмарына тарай баштайт. Төкмө акындын сатирасынын тили курч, куйкум, сөздөрү таасирдүү, көркөмдүгү бийик, оригиналдуу, ой жүгүртүүсү терең, мазмуну жаңы.

Чакан көлөмдөгү ыр саптарынан эле акындын айтайын деген идеясы ачык айкын, көркөмдүгү бөтөнчө бийик экендигин көрүп турабыз.

Төкмө акындын ырларынын мазмуну бай, терең, көркөмдүгү бийик, философиялык ой жүгүртүүлөрү күчтүү, таасирдүү болушу менен угуучулардын аң сезимине өзгөчө бүлүк салат. Ырда элдик философиянын терең мазмуну, көркөм эстетикалык баалуулугунун таасирдүүлүгү, ой жүгүртүүсүнүн конкреттүүлүгү ачык байкалып турат.

Акын элдик чыгармачылыктын бардык үлгүлөрүн, поэтикалык формаларын чыгармачылык менен мыкты өздөштүрүп, өзүнүн жеке мүнөздүү табылгалары менен байытат. Акындын өзүнө гана бөтөнчө мүнөздүү, өзүнө гана таандык уникалдуу көркөм дүйнөсү болот.

Жарнаманы, ырас, элдик поэзиядан бөлүп кароо туура болбос, ал элдик ырлардын уландысы, органи-калык ажырагыс бир бөлүгү, жаңы көркөм сапаттык баскычка көтөрүлгөн үлгүсү.

Кайсы гана төкмө акынды ал-байлы, ал элдик оозеки чыгармачылыкта өзгөчө орунга ээ болгон төкмөлүк өнөрдүн типтүү, залкар өкүлү.

Жарнама али атайын илимий негизде такталып, иликтенип, бирдиктүү туура багыт ала элек.

Жарнама фольклордук жанр катары, анын өзгөчөлүктөрү, калып-танышынын

себептери атайын илимий иликтөөгө татыктуу.

## Адабияттар


1. Кебекова Б. Кыргыз, казак фольклордук байланышы. - Ф., 1982.
2. Кыргыздар. 1 том (түзгөн Н.Жусупов). - Б., 1993.
3. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгынын тарыхынын очерки. - Ф., 1973.
4. Муканбаев Ж. Эл ичи өнөр кенчи. - Ф., 1990.
5. Акматалиев А. Кыргыз адабиятынын тарыхы 1 том. –Б., 2002.
6. Кыргыз адабиятынын тарыхы. I, II, III томдор. -Б., 2004.
7. Артыкбаев К. XX кылымдагы кыргыз адабиятынын тарыхы. -Б., 2004.
8. «Манас» (С.О.) Ф., 1978 (1-том, 3-том, 4-том) 1980, 1981.
9. «Манас» (С.К.) -Ф., 1984 (1-том, 2-том).
10. Жеңижок. -Б., 2004.
11. Токтогул. Жыйнак. -Ф., 1989